1158
190в
190-в
№ 190в
323 стр. 1979 г.

# СЕЙТЕК

(Сводный вариант,подготовленный к печати)

Тузгон Абдрахманов,Ибрай

## Мазмуну.


Жкерсие.
I. Сейтектин туулушу.
II. Сейтектин тою.
III. Күлчоронун абалы.
IV. Сейтектин өсүшү.
V. Сейтектин ата жонун угушу.
VI. Жылкычылардын өсүшү.
(Күлчоронун калыбына келиши)
VII. Көсөздын жеңилиши.
VIII. Күлчоро, Сейтектин кошулушу.
IX. Сейтектин үйлөнүшү.
X. Кара доонун өлүшү.
XI. Кыясынын өлүшү.
XII. Корутунду.

# Эскерме:

Жедигердин кызына,
колтук ачып Канчоро;
Семетейдей кырандын;
өлтүргөнүн билгисиң;
Артын менен ногойго;
Ала тоодой калтыны;
жеткиргени билгисиң.
Канчоро, кыяз бармын,
таласта артын ногойду;
чапкандыгын билгисиң;
Манастан калган казына;
чачкандыгын билгисиң.
Жедигердин кызы,
Күлчоро менен Чүрөкжү;
олжо кылып колуна;
алгандыгын билгисиң;
Адамы көрбөс кордукка;
салгандыгын билгисиң.
Он дасылын өлдүрүп,
Күлчорону жарым жан;
кылгандыгын билгисиң;
Жедигердин көп колу;
олжого карк болушун,
тунгандыгын билгисиң.
Акундун кызы Чүрөкжүн,
үч айлык бала боюнда;
келгендигин билгисиң;
Жедигердин кызына;

Айчүрөк жуу алганга,
Эл чакырып чоң тойду;
Бергендигин белгисин.
Чачыкейди Канчоро,
Алгандыгы белгисин;
Каныкей менен Бакайды;
Адаси көрбөс азапка;
Салгандыгы белгисин;
Азуусун арстан Каманды;
Чалгандыгы белгисин.
Канчоронун таласка,
Зор болгону белгисин;
Аргын менен ногойдун;
Кор болгону белгисин;
Тегерети тегизден;
Тор болгону белгисин;
Маздатынан арылгыс;
Шор болгону белгисин.
Акиси болуп Канчоро,
Аргын менен ногойду;
Билгендигин белгисин;
Каш кайтарган киси болсо;
Соорусунан Катышты;
Тилгендигин белгисин.
Жылкычыга кушчуну.
Бура тала куш кагып;
Бергендигин белгисин;
Жылкычыдан Кайтоону;
Кушчудан кушун артыкча;



Көргөндүгүн белгисин.
Күлчоро, Бакай, Каныкей,
Курсакта кеткен балага;
Күткөндүгүн белгисин;
Сабыр кылып көрдүкка;
Түткөндүгүн белгисин.

## I. Сейтектин жуулушу.

Сейтек бойго бүткөнү,
Тогуз айга толуптур.
Акундун кызы Айчүрөк,
Төрөр маалы болуптур.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айласы артык чоң дүйнөк.
Акун кандын чуроо,
Акыл - айлан ойлобой;
Оз ачып бекер жаробу.
Толгоо башталып киргенде,
Оң, сол жакка оодонуп,
Ойлоп акыл толгонуп:
"Же тилегин ичиме толду бейси,
Ичимдеги бул күмөн;
Чыгар мезгил болду бейси.
Кыз болсо жанымды тынарсын,
Эгерде эркек төрөсөм,
Кандай арга кыларсын!
Мыкаачы кыз сайбасын,
Төрөмдөн калган белектин,
Ичип канын тойбосун;
Калың аргын, ногойдун;
Кара көзүн ойбосун!

Аналыгыңды ачырып,
Баласыңды эштек жашырып,
Атаңа наалат кызыздын,
Көзүнө чөптү салатын;
Арстандан калган белекти;
Аман сактап калатын!"
Сууга бөөн жуунуп,
Сут менен бетин буунуп.
Асмандан бусут шуу жуусуп,
Айдай жүзү бузулуп.
Куужайдан бусут шунарып,
Күндөй жүзү кубарып.
Толгоо кирди өзүнө,
От чагылды көзүнө.
Балыштын уулу эр кыяз,
Кабарчыдан кеп угуп,
Ушу кезде Чүрөккө;
Толгоо кирди деп угуп.
Ачалын артык ачырып,
Ар элдет келиштирге;
Азаматтар чаптырып.
„Чүрөктүн туутан баласы,
Кыз болсо багып алатын;
Эркек болсо эгерде;
Тындысы кылып салатын.
Эркек болсо эр болот,
Атасын тарткан шер болот
Күйүп турган чок болот,
Атып өткөн ок болот;



Ааласыды бузган шок болот,
Атышкан эллер токтолот.
Эресмен тартып эр болсо,
Эл уулу менен тең болсо;
Ата жөнүн уккансуу;
Ак болотту маалаттатка,
Акыры мени жаалаттатко!
Кара көзүн ойбойсу,
Ичиндеги кара кан,
Кочуу-лтап ичип тойбойсу!
Атанын кегин албайбы,
Азапка башын салбайбы!
Азаматтар аттанып,
Колго кылыч касынчы алып.
Кең өзөн жети-кайт жеринен,
Жети-кайт жерди жердеген,
Жердигердин элинен.
Жез кемпирден жетимди,
Желмогуздан эркинди,
Алып жетип келгиле;
Тапшырып мага бергиле.
Бүйрүк үчүн кызыздан,
Азаматтар ат минип;
Ажыдабай бат минип;
Тогуз мастан кечирди;
Алып жетип келгени;
Келгенин кыяз көргөнү.
Тогуз мастан кечирге,
Эми кыяз кеп айтат;
Кеп айтканда деп айтат: